Эл аралык олимпиадалык комитет Токио оюндарын башка мөөнөткө жылдыруу маселеси күн тартибинде турган жок деп маалымдады. Олимпиадалык оюндар 24-июлда башталышы керек.

ЫРЫС АЛДЫ ЫНТЫМАК

23-мартка карата коронавирус менен күрөшүү боюнча атайын эсепке 8,7 миллион сом түшкөнү маалым болду.

8-БЕТТЕ

АПТА ЧЫДАЙЛЫ, МАЙГА ЖЕТЕЛИ

Россиянын саламаттыкты сактоо министрлигинин штаттан тышкаркы башкы эпидемиологу Николай Брико жаңы коронавирустун активдүүлүгү апрель-май айларында кескин ылдыйлайт деп билдирди. Ал эми Федералдык медико-биологиялык агенттиктин жетекчиси Вероника Скворцованын айтымында, коронавируска каршы вакцинанын бардык сыноолору июнь айында аяктайт. Вакцина болжол менен 11 айдан кийин алынат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Тоо

№30 (3102)

WWW.ERKINTOO.KG

Шейшемби, 2020-жылдын 24-марты

ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛ ТАЛАБЫ

Кыргызстан дүйнөгө жайылган коронавирус пандемиясына байланыштуу 22-марттан бери өзгөчө кырдаал режиминде жашап жатат. Эгерде өлкө жарандары жүз миңдеген, балким миллиондогон өмүрлөргө коркунуч жаратып турган илдеттин тузагына илингилери келбесе, коопсуздук чараларынын талаптарына баш ийиши – биринчи кезекте тазалыкты жана тартипти, карантин эрежелерин сактоого милдеттүү. Азыр коомдук тартипти камсыздоо, ушак-айыңдар менен калайыкты дүрбөлөңгө түшүрбөө баарысынан маанилүү. Бул маселелерди Президент Сооронбай Жээнбеков 23-мартта өлкөбүздүн ички иштер министри Кашкар Жунушалиев менен талкуулады жана өзгөчө кырдаал жоюлганча ички иштер органдарынын бардык бөлүктөрү күчөтүлгөн режимде иштеши керектигин эскертти.

АЛТЫ АЙГА ТЫЮУ

Кыргызстанда буудай, күрүч, ун, май, жүгөрү, шекер, жумуртка өңдүү азык-түлүктөрдүн жана товарлардын 11 түрүн үчүнчү өлкөлөргө экспорттоого алты айга чейин убактылуу тыюу салынды.

Жамгырлуу апта

Бүгүн, 24-мартта өлкөбүздүн айрым райондоруна жамгыр жаап, тоолорго кар түшөт. 25-27-мартта туруксуз аба ырайы сакталат, түнкүсүн үшүк жүрүү коркунучу күтүлөт.

КООПСУЗДУК КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫ:

ТАРТИПТИ САКТОО – БУЛ ӨЗҮНЧӨ БИР ЖЕКЕ АДАМДЫН ЭМЕС, ЖАЛПЫ УЛУТУБУЗДУН САЛАМАТТЫГЫ

Бардык чет өлкөлөрдөн келгендер жана алар менен байланышта болгондор жарандык жоопкерчиликти сезип, коронавирус инфекциясы боюнча тиешелүү текшерүүдөн өтүү үчүн мамлекеттик органдарга билдириши керек.

Мындай кайрылуусун Президент Сооронбай Жээнбеков 21-мартта мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, Өкмөттүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, Бишкек шаарынын мэринин катышуусунда чакан курамдагы Коопсуздук кеңешинин жыйынында жасады. Анда Кыргыз Республикасынын аймагына коронавирус инфекциясынын мындан ары жайылып кетүүсүнө жол бербөө боюнча кошумча чаралар талкууланды.

"Психологиялык жактан алганда чектөөлөрдү кабыл алуу оор. Бирок дагы бир жолу кайталайм, тартипти сактоо — бул өзүнчө бир жеке адамдын эмес, жалпы улутубуздун саламаттыгы", - деп белгиледи Президент. Буга байланыштуу кыргызстандыктарды дарыгерлердин, Өкмөттүн, жергиликтүү бийликтин сунуштамаларын так сактоого чакырды.

Жыйында биринчи вице-премьер-министр, Коронавирус инфекциясынын жайылышы менен күрөшүү боюнча республикалык ыкчам штабдын жетекчиси Кубатбек Боронов, саламаттыкты сактоо министри Космосбек Чолпонбаев Коопсуздук кеңешинде мурда кабыл алынган чечимдердин ишке ашырылышы жана көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө баяндама жасашты.

Кубатбек Боронов коронавирус инфекциясынын мындан ары жайылышына жол бербөө максатында өлкөнүн бардык аймагына өзгөчө кырдаал режимин киргизүү жөнүндө сунуш киргизди. Аталган маселени талкуулоонун натыйжасында чакан курамдагы Коопсуздук кеңешинин жыйынынын катышуучуларынын 2020-жылдын 22-мартынан баштап өлкө аймагына 1 айга өзгөчө кырдаал режимин киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине сунуштама берүү жөнүндө сунуштары эске алынып, чечим кабыл алынды. Өкмөткө Коопсуздук кеңешинин Катчылыгы менен биргеликте өзгөчө кырдаалды жарыялоодо ыкчам иш-аракеттердин тиешелүү планын иштеп чыгуу тапшырылды. Ошондой эле өлкө аймагына өзгөчө кырдаал режимин киргизүүнү эске алуу менен, 2020-жылдын 12-апрелине белгиленген бир катар жергиликтүү кеңештердеги шайлоо күнүн жылдыруу жөнүндө чечим кабыл алынды.

МАМЛЕКЕТ БАШЧЫСЫ НООРУЗ МАЙРАМЫНА КАРАТА КАЙРЫЛУУ ЖАСАДЫ

Президент Сооронбай Жээнбеков 20-мартта Нооруз майрамына карата кыргызстандыктарды куттуктоо менен кошо кайрылуу жасады.

«Элибиз тарыхтын татаал сыноолорунан өткөрүп, кылымдар бою сактап келген Нооруздун мааниси чоң. Энелерибиз бул күнү айлананы арча менен аласташып, "ар балээден сакта" деп тилек кылышкан, жаратылыш менен кошо жан дүйнөнү тазалоо жөрөлгөсүн жасашкан.

Коронавирус илдетине кошумча болуп, дүйнөлүк экономикадагы кыйынчылыктардын кесепети бизге да жетти. Бюджеттин чыгымдарын кыскартуу, экономия режимин кармоо, бардык багытта тең сарамжалдыкты сактоо зарылдыгы жаралды. Бардык мекендештерибиз учурга туура түшүнүү менен мамиле кылат деп ишенем. Ар бирибиздин жарандык жоопкерчиликти бекем карманганыбыз — учурдагы сыноодон ийгиликтүү өтүүнүн негизги фактору. Нооруз күнү ар бир мекендешиме, бардык үйбүлөгө ден соолук, бак-таалай жана ийгиликтерди каалайм. Элибиз айдан аман, жылдан эсен чыксын деп Жараткандан тилейм», - деп айтылган Мамлекет башчысынын кайрылуусунда.

КАРЖЫЛЫК ТУРУКТУУЛУКТУ САКТОО БАГЫТЫ УЛАНТЫЛАТ

Президент Сооронбай Жээнбеков 20-мартта Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгуловду кабыл алды.

Улуттук банктын төрагасы каржылык туруктуулукту сактоо жана улуттук валютанын алмаштыруу курсуна тышкы факторлордун терс таасирин жумшартуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалымат берди. Ал калк менен ишкердик субъектилерди коронавирустун терс экономикалык кесепеттеринен коргоо максатында көрүлүп жаткан чаралар тууралуу билдирди. Алмаштыруу курсунун кескин өзгөрүшүн жайгаруу максатында Улуттук банк чет элдик валютаны сатуу боюнча интервенцияларды жүргүзүп жаткандыгын айтты. Мындан сырткары, Улуттук банктын Башкармалыгы тарабынан 2020-жылдын 18-мартында «Коронавируска байланыштуу каржы-насыялык ишмердүүлүктү жөнгө салуунун убактылуу эрежелери жөнүндө» токтому кабыл алынган. Аталган токтомго ылайык, коронавируска байланыштуу насыяларды өз маалында төлөй албаган жана насыя тарыхчасы начарлаган зайымчыларга карата айыптык санкцияларды колдонуу боюнча коммерциялык банктарга чектөөлөр киргизилүүдө. Ошондой эле коммерциялык банктарга насыяларды төлөө боюнча мөөнөттү кийинкиге жылдыруу мүмкүнчүлүгүн берүү сунуштамалары берилди.

Мамлекет башчысы азыркы түзүлгөн экономикалык кырдаалды, анын ичинде Кыргызстандын негизги соода өнөктөштөрүндөгү абалды эске алуу менен туруктуу макроэкономикалык кырдаалды камсыздоо жана улуттук валютанын туруктуулугун колдоо зарылдыгын баса белгиледи.

БИР АЙГА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛ РЕЖИМИ КИРГИЗИЛДИ

21-мартта Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаал режимин киргизүү боюнча кеңешме өткөрдү.

Кеңешменин жүрүшүндө Өкмөт башчысы билдиргендей, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин сунушуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өлкө аймагында 2020-жылдын 22-мартынан баштап 1 айлык мөөнөттө өзгөчө кырдаал режимин киргизет.

Премьер-министр кабыл алынган чечимге ылайык Өкмөт планды ишке ашырууга киришээрин билдирди. Анда өзгөчө кырдаал режими киргизилгенде таратылган бардык мамлекеттик органдардын иш-аракеттеринин тизмеси жана тартиби камтылган.

Өкмөт башчысы белгилегендей, Бишкек жана Ош шаарларына, ошондой эле вируска чалдыккандар аныкталган райондорго өзгөчө көңүл бурулушу керек.

Кеңешме учурунда бардык бейтаптарды кабыл алууга жетиштүү орундарды, 20 мүнөттүн ичинде жыйынтык чыгарган экспресс-тесттерди камсыздоо чараларын көрүү маселелери талкууланды.

МААЛЫМАТТАРДЫ ЫКЧАМ АЛМАШУУНУ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ МАКУЛДАШЫЛДЫ

22-мартта Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри Абдулла Арипов менен телефон аркылуу сүйлөштү. Сүйлөшүү учурунда эки жактуу кызматташтыктын учурдагы маселелери, республикалардагы коронавирус инфекциясына байланыштуу кырдаал жана анын жайылышына жол бербөө боюнча көрүлүп жаткан чаралар, ошондой эле кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасына байланыштуу маселелер талкууланды.

Тараптар эки өлкөнүн элинин кызыкчылыгы үчүн актуалдуу маселелер боюнча маалыматтарды ыкчам алмашууну жүзөгө ашырууга макулдашты. Коңшу өлкөдөн импорттолгон азык-түлүк жана башка товарларды жеткирүү адаттагы режимде үзгүлтүксүз ишке ашырылып тураары белгиленди.

ҮЙ КАРАНТИНИНИН ЭРЕЖЕЛЕРИН БУЗГАН ЖАРАНДАР МЫЙЗАМ ЧЕГИНДЕ ЖООПКЕРЧИЛИККЕ ТАРТЫЛЫШАТ

Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри Кубатбек Боронов 23-мартта Республикалык ыкчам штабдын жыйынын өткөрдү.

Ага онлайн режиминде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Ош, Баткен облустарындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана Ош шаарынын мэри катышты. Жыйында тармактык министрликтердин жана ведомстволордун, облустук администрациялардын башчылары коронавирустун тарашына жол бербөө максатында тапшырмаларды аткаруу боюнча жасалган иштер жана көрүлгөн чаралар тууралуу маалымат беришти.

Биринчи вице-премьер-министр учурдагы республика аймагына киргизилген өзгөчө кырдаал кыймылга чектөө чараларын камтый турганын эскертип, коомчулук көрүлгөн убактылуу чараларга түшүнүү менен мамиле кылып жатышканын белгиледи. Ал коронавирустун алдын алуу чаралары жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин улантууну тапшырып, бул үчүн бардык каражаттарды, анын ичинде уюлдук операторлор аркылуу sms-билдирүү жөнөтүүнү, маалыматтарды жайылтууну, радиорубрикаларды колдонууну, ошондой эле Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин калкка маалымдоо үчүн өлкөдөгү телеканалдардын эфирин камтуу мүмкүндүгүн пайдалануу сунуштады.

Жыйында белгилегендей, үй карантини эрежелерин бузуп, тышка чыгууну чечкен жарандар мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартылышат.

БИРИМДИК БАРДЫК КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРДЫ ЖЕҢЕТ

Адамдык сапаттарыбыз жана баалуулуктарыбыз ушундайда билинет. Бул тууралуу Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев 22-мартта өткөн Республикалык ыкчам штабдын биринчи жыйынында айтты.

Ал өлкөдө азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо маселесине өзгөчө токтолду. Ошону менен катар Өкмөт башчысы ишкерлер үчүн шарттарды түзүү зарылдыгын өзгөчө баса көрсөттү.

Премьер-министр бардык мамлекеттик органдардын жана аймактардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрдүн жетекчилерине өз милдеттерин так аткаруу жана жалпы максат – калкты коронавирустан коргоого жетишүү үчүн ишти координациялоону тапшырды. Ошондой эле ал бардык артыкчылыктуу эмес сарптоолорду олуттуу түрдө кыскартууларга баруу үчүн мамлекеттик органдарга бир катар чыгаша беренелерин кайра карап чыгуу тапшырмасын берди.

Даярдаган
Азизбек ЧАМАШЕВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА COVID-19 КОРОНАВИРУСТУК ИНФЕКЦИЯСЫНЫН ЖАЙЫЛЫШЫН БОЛТУРБОО БОЮНЧА КОШУМЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООПСУЗДУК КЕҢЕШИНИН

ЧЕЧИМИ

2020-жылдын 11-мартында Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму COVID-19 жаңы коронавирустук инфекциясынын (мындан ары - коронавирустук инфекция) жайылышын пандемия катары мүнөздөдү.

2020-жылдын 18-21-мартында Кыргыз Республикасынын аймагында жарандардын коронавирустук инфекцияны жуктуруп алган 12 фактысы: Жалал-Абад облусунун Сузак районунда - 8; Ош облусунун Ноокат районунда - 3; Баткен облусунун Баткен районунда - 1 факт катталды.

Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоо боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү максатында Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңеши

ЧЕЧИМ КЫЛДЫ:

1. Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри К.А.Бороновдун, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министри К.С.Чолпонбаевдин жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.К.Шайлдабекованын маалыматы эске алынсын.

2. Республикалык деңгээлдеги Жарандык коргонуу боюнча комиссиясына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-ноябрындагы №550 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдардын классификациясы жана аларды баалоонун критерийлеринин 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирустук инфекциянын жайылышын өзгөчө кырдаал деп таануу сунуштасын.

3. Кыргыз Республикасынын Премьер-министри - Кыргыз Республикасынын Жарандык коргоосунун начальнигине "Жарандык коргонуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 7-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-ноябрындагы №550 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдардын классификациясы жана аларды баалоонун критерийлеринин 4-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-апрелиндеги №179 токтому менен бекитилген Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму жөнүндө жобонун 13-пунктуна ылайык бир күндүк мөөнөттө Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында 2020-жылдын 22-мартынан тартып 2020-жылдын 21-апрелине чейин өзгөчө кырдаал режимин киргизүү сунуштасын.

4. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.К. Шайлдабекованын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын сунушуна байланыштуу, жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоону камсыз кылуу кызыкчылыгында Кыргыз Республикасынын Президентине Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 10-февралындагы №32 "Кыргыз Республикасынын Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Ош облустарынын жана Ош шаарынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө" Жарлыгы менен дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаал режими аяктагандан кийинки мезгилге жылдыруу сунуштасын.

5. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчиси Д.А. Эсеналиевге жана Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин Төрагасы С.ЖЭЭНБЕКОВ

Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы Д.САГЫНБАЕВ

Бишкек шаары, 2020-жылдын 21-марты, №6

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН, ЖАЛАЛ-АБАД, НАРЫН, ЫСЫК-КӨЛ, ЧҮЙ, ОШ ОБЛУСТАРЫНЫН ЖАНА ОШ ШААРЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДОГУ ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНИН ЭТАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ТОКТОТУП ТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Адамды, анын өмүрүн, саламаттыгын, укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле ар бир адамдын ден соолугун коргоо укугун көз карандысыз демократиялык мамлекеттин жогорку баалуулуктары катары белгилеген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине ылайык республикада түзүлгөн эпидемиологиялык кырдаал кечиктирилгис чараларды көрүүнү талап кылат.

COVID-19 коронавирусунун жайылышынан улам Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында өзгөчө кырдаал режими киргизилгендигине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2020-жылдын 21-мартындагы №6 чечимин көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, шайлоо комиссияларынын жана коомчулуктун кайрылууларын эске алып, жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоону камсыз кылуу, шайлоочулардын жана талапкерлердин шайлоо укуктарын толук ишке ашыруу максатында **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 10-февралындагы №32 Жарлыгы менен 2020-жылдын 12-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодогу шайлоо процессинин этаптарын ишке ашыруу боюнча иш-чараларды мындан ары аткаруу Кыргыз Республикасындагы өзгөчө кырдаал режиминин мезгилинде токтотулуп турсун.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы:

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды белгиленген тартипте көрсүн;
- сунуштарды киргизсин:

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында өзгөчө кырдаал режими аяктагандан кийин жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодогу шайлоо процессинин этаптарын ишке ашыруу боюнча иш-чараларды улантуунун датасы жана добуш берүүнүн датасы боюнча;

- мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекттерине өзгөчө кырдаал режими киргизилген учурда шайлоо процессин регламенттөө жаатындагы өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду шайлоо мыйзамдарына киргизүү боюнча.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖЭЭНБЕКОВ

Бишкек ш., 2020-жылдын 23-марты, ПЖ №54

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («ҮРӨН ЖӨНҮНДӨ», «ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ХИМИЯЛАШТЫРУУ ЖАНА КОРГОО ЖӨНҮНДӨ», «ӨСҮМДҮКТӨРДҮН КАРАНТИНИ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 13-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Үрөн жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-ж., №6, 231-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

12-статьянын 1-пунктунун он биринчи абзацында «административдик укук бузуулар жөнүндө» деген сөздөр «бузуулар жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын.

2-берене

«Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №5, 263-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 11-статья күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 22-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«22-статья. Ушул Мыйзамды бузганы үчүн жоопкерчилик

Ушул Мыйзамдын бузулушуна күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик тартат.»;

3) 23-статья күчүн жоготту деп таанылсын.

3-берене

«Өсүмдүктөрдүн карантини жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы 2015-ж., №1,2-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

14-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Ушул Мыйзамдын бузулушуна күнөөлүү жарандар жана кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат.».

4-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖЭЭНБЕКОВ

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-марты, №28

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О СЕМЕНАХ», «О ХИМИЗАЦИИ И ЗАЩИТЕ РАСТЕНИЙ», «О КАРАНТИНЕ РАСТЕНИЙ»)

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 13 февраля 2020 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О семенах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1997 г., №6, ст. 231) следующее изменение:

в абзаце одиннадцатом пункта 1 статьи 12 слова «об административных правонарушениях» заменить словами «о нарушениях».

Статья 2

Внести в Закон Кыргызской Республики «О химизации и защите растений» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №5, ст. 263) следующие изменения:

1) статью 11 признать утратившей силу;

2) статью 22 изложить в следующей редакции:

«Статья 22. Ответственность за нарушение настоящего Закона

Лица, виновные в нарушении настоящего Закона, несут ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях.»;

3) статью 23 признать утратившей силу.

Статья 3

Внести в Закон Кыргызской Республики «О карантине растений» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2015 г., №1, ст. 2) следующее изменение:

часть 3 статьи 14 изложить в следующей редакции:

«3. Граждане и должностные лица, виновные в нарушении настоящего Закона, привлекаются к ответственности в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях.».

Статья 4

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики С.ЖЭЭНБЕКОВ

г.Бишкек, 20 марта 2020 года, №28

МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН ЖАНА ТЕЙЛӨӨЛӨРДҮН ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРЫН КИРГИЗҮҮ БОЮНЧА «МАМЛЕКЕТ ПЛАТФОРМА КАТАРЫ» ПИЛОТТУК ДОЛБООРУН ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында колдонуучуга багытталган санариптик платформаларды жана тейлөөлөрдү ишке киргизүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы №2 чечими менен жактырылган «Санарип Кыргызстан 2019-2023» санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети:

1) 2020-жылдын 11-мартынан 31-декабрына чейинки мезгилде «Мамлекет платформа катары» пилоттук долбоорун ишке ашырсын;

2) пилоттук долбоорду ишке ашырууга байланышкан уюштуруу-техникалык маселелерди чечсин;

3) пилоттоштуруунун катышуучуларынын реестрин түзсүн жана дайым актуалдаштырып турсун;

4) пилоттук долбоорду ишке ашыруу жана пилоттук долбоордун алкагында жеткиликтүү болгон кызмат көрсөтүүлөрдү жана тейлөөлөрдү санариптик формада пайдалануу мүмкүндүгү жөнүндө калк арасында түшүндүрүү жана маалымат берүү иштерин жүргүзсүн;

5) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсетүүчү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча), ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар жана мекемелер менен бирдикте ушул токтомду ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

6) пилоттоштуруунун катышуучуларына жеке мүнөздөгү маалыматтардын Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалыматтар чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык берилишине мамлекеттик санариптик платформанын деңгээлинде мониторинг жана контроль жүргүзүүнү камсыз кылсын;

7) пилоттук долбоор ийгиликтүү ишке ашырылган учурда 2020-жылдын 30-декабрына чейинки мөөнөттө мамлекеттик санариптик платформа аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды туруктуу негизде көрсөтүүнүн тартибин караган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына белгиленген тартипте киргизсин.

2. Пилоттук долбоорду ишке ашыруу мезгилине төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Мамлекеттик санариптик платформа аркылуу санариптик формадагы кызмат көрсөтүүлөрдүн жана тейлөөлөрдүн убактылуу тартиби, 1-тиркемеге ылайык;

2) Мамлекеттик санариптик платформа аркылуу санариптик формадагы кызмат көрсөтүүлөргө жана тейлөөлөргө суроо-талап берген колдонуучуларды техникалык колдоонун убактылуу тартиби, 2-тиркемеге ылайык.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын санариптик трансформациялоо бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр М.АБЫЛГАЗИЕВ

Бишкек шаары, 2020-жылдын 25-февралы, №113

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 3-ИЮНУНДАГЫ №303 «МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮНҮШТӨРҮ ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИ ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 «Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө» токтомуна ушул токтомдун тиркемесине ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр М.АБЫЛГАЗИЕВ

Бишкек шаары, 2020-жылдын 3-марты, №119

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 22-АПРЕЛИНДЕГИ №234 "КЫЙЫР САЛЫКТАР БОЮНЧА САЛЫК ОТЧЕТУНУН, ТОВАРЛАРДЫ ТАШЫП КЕЛҮҮ ЖАНА КЫЙЫР САЛЫКТАРДЫ ТӨЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ АРЫЗДЫН, АКЦИЗДИК ТОВАРЛАРДЫ АЛДЫДАГЫ АЛУУ, ТОВАРЛАРДЫ ТАШЫП КЕЛҮҮ (ТАШЫП КЕТҮҮ) ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛООНУН ФОРМАЛАРЫН ЖАНА АЛАРДЫ ТОЛТУРУУ ТАРТИПТЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 14-июнундагы №73 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-апрелиндеги №234 "Кыйыр салыктар боюнча салык отчетунун, товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арыздын, акциздик товарларды алдыдагы алуу, товарларды ташып келүү (ташып кетүү) жөнүндө кабарлоонун формаларын жана аларды толтуруу тартиптерин бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыйыр салыктар боюнча отчёттун "Контролдук баалардын минималдык деңгээли колдонула турган товардык позициялардын реестри" (FORM STI-123-002-1) 2^1-тиркемеси, "Импортко акциз салыгы боюнча отчет" (FORM STI-123-004) 4-тиркемеси, "Тамеки продукциясы боюнча операциялар" (FORM STI-123-006) 6-тиркемеси, "Акциздик товарларды алдыдагы алуу, товарларды ташып келүү/ташып кетүү жөнүндө кабарлоолордун реестри" (FORM STI-123-008) 8-тиркемеси ушул токтомдун 1-4-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыйыр салыктар боюнча отчеттун формасын толтуруу жана берүү тартибинде:

- 52^{11}-52^{14}-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"52^{11}. 10-графада Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-октябрындагы №537 "Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын аймагына импорттолуучу товарларга контролдук баалардын минималдык деңгээлин аныктоонун, колдонуунун жана контролдоонун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган, алар үчүн КБМД белгилене турган Товарлардын тизмесине ылайык толтурулуучу ченөө бирдиги көрсетүлөт.

52^{12}. 11-графада КБМД колдонулгандан кийин товардын наркынын айырмасы көрсетүлөт. Айырманы эсептөө төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт: (8-графанын көрсеткүчү – 7-графанын көрсеткүчү) х 9-графанын көрсеткүчү = 11-графанын көрсеткүчү.

52^{13}. 12-графада КБМДны колдонууну эске алуу менен кошумча эсептелген КНСтин суммасы 11-графада көрсетүлгөн товарлардын наркындагы айырмага карата Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында белгиленген тартипте көрсетүлөт.

52^{14}. 9, 11 жана 12-графалар боюнча "Ушул бет боюнча жалпы" сабынын мааниси Реестрдин ар бир барагы боюнча бөлүнүп чыгарылышы керек. Реестрдин акыркы барагында "Реестр боюнча бардыгы" сабы ушул жана акыркы беттери боюнча жыйынтыктардын суммасын чыгаруу аркылуу көрсетүлөт.";

- төмөнкүдөй мазмундагы 52^{15}-пункт менен толукталсын:

"52^{15}. 11 жана 12-графалардын жыйынтык маанилери Отчеттун 1-тиркемесинин (FORM STI-123-001) 198-сабына көчүрүлөт.";

- 69-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"69. 402-уячага Отчеттун 6-тиркемесинде (FORM STI-123-006) көрсетүлгөн тамеки продукциясына кошуп эсептелген акциз салыгынын жыйынтык суммасы көчүрүлөт. "Салык салынуучу көлөм" графасында маалыматтарды көрсетүү учурунда, сигареттердин жана сигариллалардын саны миң даанада көрсетүлөт, сигаралар - даана менен, ысытылуучу тамекиси бар буюмдар жана тамеки камтыган башка буюмдар - килограмм менен, никотин камтыган суюктук - миллилитр менен көрсетүлөт.";

- 75-пункту "тонна" деген сөздөн кийин ", миллилитр" деген сөз менен толуктасын;

- 89-92-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"89. 1-графада отчеттук мезгил ичинде ташып келинген тамеки продукциясынын түрлөрү (чыпкалуу сигареттер, чыпкасыз сигареттер, сигаралар, сигариллалар, ысытылуучу тамекиси бар буюмдар (ысытылуучу тамеки таякчасы, ысытылуучу тамеки капсуласы ж.б.), ферменттелген тамекини кошпогондо, электрондук сигареттерде, тамеки камтыган башка буюмдарда аткаруу үчүн картриждерде, резервуарларда жана башка контейнерлерде никотин камтыган суюктук) көрсетүлөт.".

90. 2-графада импорттолуучу акциздик товарлардын ТЭИ ТН он орундуу коду көрсетүлөт.

91. 3-графада өлчөө бирдиги көрсетүлөт (1000 даанада, килограммда, миллилитрде).

92. 4-графада тамеки продукциясынын ар бир түрүнө акциз салыгынын ставкасы көрсетүлөт.";

- төмөнкүдөй мазмундагы 92^1-пункт менен толукталсын:

"92^1. 5-графада алып келинүүчү тамеки продукциясынын салык салынуучу көлөмү көрсетүлөт.";

- 93-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"93. 6-графада Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 37-беренесине ылайык эсептелген акциз салыгынын суммасы чагылдырылат. 5 жана 6-графалардын жыйынтык мааниси Отчеттун "Акциздик салык боюнча отчет" 4-тиркемесинин (FORM STI-123-004) 402-уячасына көчүрүлөт.";

- 116-пункту "даана," деген сөздөн кийин "мл, " деген сөз менен толуктасын.

2. Ушул токтом расмий жарыялануга тийиш жана 2020-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 5-марты, №135

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2011-ЖЫЛДЫН 22-АВГУСТУНДАГЫ №473 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛИКТЕРИНИН, АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК ВЕДОМСТВОЛОРУНУН ЖАНА БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Тышкы саясат иштерин активдештирүү жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-мартындагы №37 Жарлыгы менен бекитилген Тышкы саясаттын концепциясында аталган милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 1-пунктундагы «392» жана «202» деген цифралар тийиштүү түрдө «402» жана «212» деген цифралар менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемелеринин штаттык санынын көбөйүшүнө байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине 2020-жылы жана кийинки жылдарга бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлсүн.

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 11-марты, №145

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 3-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №57 «ДАРЫ-ДАРМЕК ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК КАРАЖАТТАРДЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН ЭКСПОРТТООГО УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-февралындагы №57 «Дары-дармек жана медициналык каражаттарды Кыргыз Республикасынан экспорттоого убактылуу тыюу салуу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- Кыргыз Республикасынан экспорттоого убактылуу тыюу салынган дары-дармек жана медициналык каражаттардын тизмеси төмөнкүдөй мазмундагы 28-32-пункттар менен толукталсын:

“

28.	Хирургиялык операцияларды жүргүзүүдө бейтаптар жана медициналык персонал пайдаланган бир жолку халаттар	6210 10 920 0
29.	Медицина үчүн пайдаланган коргоочу костюмдар же медициналык халаттар	6203 39 900 0 6210 10 980 0 6211 32 100 0 6211 33 100 0 6211 43 100 0 6211 49 000 9
30.	Медициналык максатта пайдалануу жана вирустук оорулардан коргоо үчүн арналган биологиялык коргоочу костюмдар	62ден
31.	Дем алуучу башка жабдуулар жана газ маскалары, механикалык бөлүктөрү жана алмаштыруучу чыпкалары жок коргоочу маскалардан тышкары. Респиратордук маскалар	9020 00 000 0
32.	Медициналык коргоочу көз айнектер	9004төн

”.

2. Ушул токтом расмий жарыялануга тийиш жана кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 12-марты, №147

КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БОЮНЧА СТАНДАРТТЫК КОНКУРСТУК ДОКУМЕНТТЕРДИ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 40-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Консультациялык кызмат көрсөтүүлөр боюнча стандарттык конкурстук документтер тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 6-марты, №136

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 3-ИЮНУНДАГЫ №303 "МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР, АЛАРДЫН ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮНҮШТӨРҮ ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИ ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 "Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 10-марты, №141

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 4-МАЙЫНДАГЫ №253 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛИКТЕРИНИН, МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТТЕРИНИН, АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК ВЕДОМСТВОЛОРУНУН ЖАНА БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Тышкы саясат иштерин активдештирүү жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-мартындагы №37 Жарлыгы менен бекитилген Тышкы саясаттын концепциясында аталган милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-майындагы №253 «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 1-пунктту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги	164
анын ичинде:	
- борбордук аппарат	29
- аймактык бөлүнүштөр	5
- Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү дипломатиялык мекемелери(*)	130

”;

- эскертүүнүн (*) биринчи абзацындагы “42,5” жана “67,5” деген цифралар тиешелүү түрдө “55” жана “75” деген цифралар менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу тийиштүү чараларды көрсүн.

3. Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемелеринин штаттык санынын көбөйүшүнө байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине 2020-жылга жана кийинки жылдарга бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 11-марты, №144

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 6-МАЙЫНДАГЫ №242 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГИДРОЭНЕРГЕТИКА ОБЪЕКТТЕРИНДЕ КУРУЛУШ ЖАНА ОҢДОО ЖУМУШТАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮНҮН УЮШТУРУЛУШУН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик үлүш катышы бар акционердик коомдорго колдоо көрсөтүү жана аларды чыңдоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы №242 «Кыргыз Республикасынын гидроэнергетика объекттеринде курулуш жана оңдоо жумуштарын жүргүзүүнүн уюштурулушун өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы «гидроэнергетика» деген сөз «энергетика» деген сөз менен алмаштырылсын;

2) 1-пунктундагы «жана «Чакан ГЭС» ААК» деген сөздөр «, «Чакан ГЭС» ААК, «Кыргызстандын улуттук электр тармактары» ААК, «Бишкек жылуулук тармагы» ААК, «Түндүк электр» ААК, «Чыгыш электр» ААК, «Жалал-Абад электр» жана «Ош электр» ААК» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун тиркемесинин аталышындагы «жана «Чакан ГЭС» деген сөздөр «, «Чакан ГЭС», «Кыргызстан улуттук электр тармактары», «Бишкек жылуулук тармагы», «Түндүк электр», «Чыгыш электр», «Жалал-Абад электр» жана «Ош электр» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 18-марты, №166

ЧҮЙ ОБЛУСУНУН АЛАМҮДҮН РАЙОНУНУН ОКТЯБРЬ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫН ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Чүй облусунун Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – акиминин 2020-жылдын 9-мартындагы №89-р буйругу менен Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысы Тойчу уулу Кылычбек «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесинин 7-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде ээлеген кызматынан бошотулган.

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 14, 18-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө» Жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чүй облусунун Аламүдүн районунун Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо 2020-жылдын 8-апрелине дайындалсын жана саат 9-00дөн 12-00гө чейин өткөрүлсүн.

2. Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясы шайлоону өткөрүүнү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюштурсун.

3. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-марты, №82

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНУН ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ №3181 ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫНЫН ДАРЕГИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын №3181 шайлоо участкасынын дарегинин өзгертүү жөнүндө кайрылуусунун негизинде, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2,4-пункттарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Оргочор айыл аймагындагы №3181 шайлоо участкасынын дареги, Боз-Бешик айылындагы маданият үйүнүн имаратынан Боз-Бешик айылындагы Ж. Желдеңбаев атындагы орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

2. Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте шайлоочулардын арасында шайлоо участкаларынын даректери өзгөрүлгөндүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

3. Бул токтом “Эркин Тоо” газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 23-марты, №87

2020-ЖЫЛДЫН 12-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН, ЖАЛАЛ-АБАД, НАРЫН, ЫСЫК-КӨЛ, ЧҮЙ, ОШ ОБЛАСТТАРЫНЫН ЖАНА ОШ ШААРЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНИН ЭТАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ ЖААТЫНДАГЫ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ТОКТОТО ТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 3-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6,7,14,18-беренелерине ылайык, «Кыргыз Республикасынын Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Ош областарынын жана Ош шаарынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо шайлоо процессинин этаптарын ишке ашыруу боюнча иш-чараларды токтото туруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 23-мартындагы №54-ПЖ Жарлыгын ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2020-жылдын 21-мартындагы №6 чечимин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы №93 буйругун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 10-февралындагы №32 Жарлыгына ылайык 2020-жылдын 12-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу-практикалык иш-чаралар өзгөчө режим колдонулган мезгилде токтотулуп турсун.

